ОшМУнун №2
Окумуштуулар кеңешинде
БЕКИТИЛДИ
«_30_» ___10___ 2024-ж.

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

БУЙРУК

(ОшМУнун стратегиялык приоритеттердин жол картасынын аткарылышынын абалы жөнүндө)

2024-жылдын 30-октябрындагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде № 2 протоколунун чечими менен «ОшМУнун стратегиялык приоритеттердин жол картасынын аткарылышынын абалы жөнүндө» 1-маселе боюнча төмөндөгүдөй **буйрук кылам:**

1. ОшМУнун окуу иштери боюнча проректор Н. К. Омуровдун «ОшМУнун стратегиялык приоритеттердин жол картасынын аткарылышынын абалы» кабарлык деп табылсын.

2. 2023-жылдын 18-сентябрындагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин № 1 протоколунун чечими менен кабыл алынган 2023-2026-жылдарына ОшМУнун стратегиялык приоритеттерин аткаруу иш планын түзүү жана аны ар бир кызматкерге жеткирүү структуралык түзүмдөрүнө, институтут, факультет, колледждерге милдеттендирилсин. 2024-жылдын 1-декабрына чейин Окумуштуулар кеңештеринде каралып, бекитилишин камсыздоо тиешелүү директорлорго, декандарга милдеттендирилсин. Академиялык иштер жана билим берүү саясатын өнүктүрүүнү стратегиялык пландаштыруу башкармалыгынын начальниги Ж. А. Артыковага тапшырылсын.

3. Ар бир институттун, факультеттин QS рейтинги боюнча Топ-500 университеттердин катарына кирүү максатындагы иш планы жана индикатордук жол картасы 2024-жылдын 1-декабрына чейин иштелип чыгып, түзүмдүн Окумуштуулар кеңештеринде каралып, бекитилишин камсыздоо тиешелүү директорлорго, декандарга милдеттендирилсин. Көзөмөлдөө жагы окуу иштери боюнча проректор Н. К. Омуровго жүктөлсүн.

4. Ар бир кафедрада өндүрүш менен биргелешкен илимий-изилдөө иштери жүргүзүлсүн. Бул биргелешкен илимий иштерди ишке ашыруунун алкагында тиешелүү студенттердин бүтүрүүчү квалификациялык, дипломдук жана курстук иштери аткарылсын. Ишке ашырылышын камсыздоо кафедра башчыларына милдеттендирилсин. Көзөмөлдө жагы илимий иштер жана инновациялар боюнча проректор Р. Н. Арапбаевга жүктөлсүн.

5. ОшМУнун жаштар бизнес паркы менен биргеликте стартаптарды ишке ашыруу институттардын директорлоруна, факультеттердин декандарына милдеттендирилсин. Көзөмөлдө жагы илимий иштер жана инновациялар боюнча проректор Р. Н. Арапбаевга жүктөлсүн.

6. Окутуунун онлайн жана гибриддик формасын ОшМУга кийирүү, сырттан окуу формасын гибриддик жана онлайн окутууга трансформациялоо боюнча тиешелүү локалдык нормативдик документтерди, санариптик платформаларды иштеп чыгууну, алардын бекитилишин камсыздоо санариптик трансформациялоо жана электрондук билим берүү боюнча проректор У. Д. Молдояровго милдеттендирилсин.

7. Дисциплиналар аралык, багыттардын коллаборациясындагы жаңы билим берүү багыттарын ачуу боюнча иштерди жүргүзүү академиялык иштер жана билим берүү саясатын өнүктүрүүнү стратегиялык пландаштыруу башкармалыгынын начальниги Ж. А. Артыковага милдеттендирилсин.

8. Жумуш ордунда окутуу формасын ОшМУда кийирүүнүн локалдык ченемдик документтерин иштеп чыгууну камсыздоо академиялык иштер жана билим берүү саясатын өнүктүрүүнү стратегиялык пландаштыруу башкармалыгынын начальниги

Документ подписан электронной подписью. Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

Ж. А. Артыковага милдеттендирилсин.

9. ОшМУда практикалардын бардык түрлөрүн уюштуруунун жана өткөрүүнүн тартибин жөнгө салуучу локалдык ченемдик документтерди иштеп чыгууну камсыздоо практика борборунун жетекчиси Т. К. Матикеевге милдеттендирилсин.

10. ОшМУда иштеп жаткан лабораторияларды коммерциализациялоо жаатына трансформациялоону камсыздоо тиешелүү институттардын директорлоруна, факультеттердин деканларына милдеттендирилсин.

11. GRI стандарттарына ылайык университеттин социалдык корпоративдик жоопкерчилигин күчөтүү, ага ылайык университеттин отчетун түзүү, маалымдоо иштерин камсыздоо коомчулук менен иштөө жана жаштар саясаты боюнча проректор Н. А. Мапаевага милдеттендирилсин.

12. Билим берүү, уюштуруу-башкаруу, тейлөө, экономикалык процесстердин коммуникациясын MyEdu электрондук платформасына интеграциялоо аркылуу ОшМУнун санариптик экосистемасын өнүктүрүүнү камсыздоо санариптик трансформациялоо жана электрондук билим берүү боюнча проректор У. Д. Молдояровго милдеттендирилсин.

13. Ош мамлекеттик университетинин билим берүү, илимий-инновациялык, уюштуруучулук-башкаруу жана көмөкчү ишмердүүлүктөрүн бирдиктүү сапат менеджментинин принциптеринин негизинде интеграциялоону камсыз кылган, стратегиялык пландоодон тартып дипломдон кийинки билим берүүгө чейинки негизги жана көмөкчү процесстерди камтыган ОшМУнун процесске багытталган башкаруу модели бекитилсин.

14. Бул чечимдер менен бекитилген көрсөткүчтөр тиешелүү жооптуулардын ишмердигинин натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчү (KPI) катары эсептелинсин жана университет менен түзүлгөн тиешелүү тараптардын эмгек келишимдерине толуктоону камсыздоо жагы кадрлар бөлүмүнүн башчысы Г. Турдубаевага милдеттендирилсин.

15. Бул чечимдердин аткарылышын жалпы көзөмөлдөө окуу иштери боюнча проректор Н. К. Омуровго жүктөлсүн.

Негиз: *ОшМУнун окуу иштери боюнча проректордун, окумуштуу катчынын билдирүүлөрү жана ректордун сунушу*

ОшМУнун ректору,
профессор **К. Г. Кожобеков**

документ ПОДПИСАН электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

Макулдашуу барагы

ОК № 2, 30.10.2024, 1-маселе (Н. К. Омуров)

№ 6256-ФХД/24 от 05-11-2024

Баяндоо: ОК № 2, 30.10.2024, 1-маселе (Н. К. Омуров)

Демилгечи: Асанбекова Джамиля Жекшеналиевна

Макулдашуу буйругу:

Приказ "ОК № 2, 30.10.2024, 1-маселе (Н. К. Омуров) (№ 6256-ФХД/24 от 05-11-2024)"

№	ФАА	Кызмат орду	Натыйжа	Датасы	Эскертүү
1	Асанбекова Джамиля Жекшеналиевна	Ученый секретарь	Макулдашылды	04-11-2024	
2	Артыкова Жылдыз Абдисаламовна	Академиялык иштер башкармалыгынын начальниги	Макулдашылды	04-11-2024	
3	Матикеев Талантбек Курманалиевич	Практика жана карьера борборунун жетекчиси	Макулдашылды	04-11-2024	
4	Турдубаева Гулсара	Заведующий	Макулдашылды	04-11-2024	
5	Молдояров Уларбек Дуйшобекович	Санариптик трасформациялоо жана электрондук билим берүү боюнча проректор	Макулдашылды	04-11-2024	
6	Омуров Нурлан Кубатович	Окуу иштери боюнча проректор	Макулдашылды	04-11-2024	
7	Арапбаев Русланбек Нурмаматович	Илимий иштер жана инновациялар боюнча проректор	Макулдашылды	05-11-2024	
8	Мапаева Нуржамал Абдиллажановна	Коомчулук менен иштөө жана жаштар саясаты боюнча проректор	Макулдашылды	05-11-2024	
9	Кожобеков Кудайберди Гапаралиевич	Ректор	Бекитилген	05-11-2024	
10	Батралиева Азиза Мухтаровна	Инспектор	Аткарылды	06-11-2024	